# Чатыр-Көлгө саякат



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Аруукe Исакова

# Чатыр-Көлгө саякат

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Арууке Исакова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чатыр-Көлгө саякат" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Арууке Исакова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Айбек Кыргызстандагы эң бийик тоо көлү – Чатыр-Көлдү көргүсү келчү. Дайыма атасынан алып барууну суранчу. Бирок, атасынын колу бошобой, бара албай калышты. Ушул жайкы каникулда атасы саякатка чыгууну пландады. Анткени уулу Урмат Чатыр-Көлдү изилдөө боюнча топко кошулуп Ак-Сайга кеткен. Урмат:

– Ата, Айбек Чатыр-Көлдү абдан көргүсү келип жүрөт, каникулга тараганда алып келиңиз, – деген.

Таң эрте Айбек менен атасы атка минип, Ак-Сай жайлоосундагы Чатыр-Көлгө жөнөштү. Көлгө жолду кыскартып, Ат-Башыдагы Таш-Рабат капчыгайы менен бармай болушту.

Муну уккан Айбек абдан сүйүндү. Анткени Таш-Рабат кербен сарайын телевизордон көп жолу көргөн. Жанынан көрсөм дегенде эки көзү төрт эле. Жолдон аңкуштап чыккан суурларды, булактап качкан түлкүнү, сереңдеп секирген коёнду көрүштү. Ар түркүн канаттуулардын үнү угулуп, түрдүү чөптөрдүн жыпар жыты каңылжаарды жарат.



Таш-Рабат чоң-чоң жалпак таштардан курулуптур. Капчыгай жактан кире бериш бети абдан кооз көрүнөт. Үстүнөн караганда имарат экени байкалбайт. Таш-Рабат менен жакшылап таанышып, Айбек бул инженердик курулуштун тарыхын дагы жакшылап билүүгө абдан кызыгып калды. Бул жөнүндө Айбек мугалиминен сурап, китептен окуп, дагы башка кызыктуу маалыматтарды билгиси келди.

Таш-Рабаттын кире беришиндеги бир орточо таштын узунун, туурасын, бийиктигин өлчөп алды. Анан үйгө барганда көлөмүн, салмагын эсептеп чыкмакчы болду. Таштардын ортосуна төшөлгөн ылай абдан катуу экен. Анын курамын али эч ким изилдей элек. Келечекте аны дагы изилдемекчи болду.


Алар Таш-Рабаттан чыккандан кийин Ак-Сайды карай жөнөштү.

Бат эле ашуунун туу белине чыгышты. Ак-Сай тараптан чалкайып жаткан Чатыр-Көл көрүндү. Жээгинде тигилген боз үйлөр. Жайылган кой. Керемет көрүнүш Айбектин карегине орноп калды.

Көл бетинде ак куу, өрдөк, аңырлар сүзүп жүрүшөт. Көлдүн бетинде чыбырчыктаган майда толкундар жылтылдап, жээкти карай түрүлүп ойноп жатыптыр.

– Ата, көлдө 100дөн ашык канаттуулар жашайт. Келгин куштар Иран, Индиядан учуп келишет экен. Ал тууралуу эже айтып берген, – деди Айбек.

– Азаматсың, уулум! Көп нерсе билет экенсиң, – деди атасы уулуна ыраазы болуп.



Ашуунун туу белине токтоп, аттан түшүштү.

– Карачы, уулум, Чатыр-Көл бийиктен караганда тигилген чатырдай болуп көрүнөт. Аянты боюнча Кыргызстандагы үчүнчү көл. Деңиз деңгээлинен 3520 м бийиктикте. Аянты 170, 6 чарчы метр. Узундугу 23 км, туурасы 11 км. Көлгө 41 майда суу куят, бирок бир да суу агып чыкпайт. Туздуулугу 2% пайыз.

– Ата, балык кармасак болобу? Кап, кайырмак алып алсак болмок экен.


– Жок, балам, кышында Чатыр-Көл тоңуп, музунун калыңдыгы 1,5 метрге жетет. Ошондуктан бул көлдө балык болбойт.

– Анда, жок дегенде, сууга түшсөк болобу? Мен сүзгөндү билем. Байкем үйрөткөн.

– Мен деле сүзгөндү билем. Бирок суусу өтө муздак болгондуктан, түшүүгө болбойт, – деди атасы жылмайып.

– Ата, эч ким көрүнбөйт го. Жолдон бир да кишини жолуктурган жокпуз.

– Бул көл корук аймагында жана эң бийик жерде жайгашкан. Малчылар менен туристтерден башка киши келбейт. Анан экөөбүз келбедикпи, – деди атасы тамашалап.



– Балам, мен сага бир кызык окуяны айтып берейин. Илгери бирөө эшек менен өтүп баратып, муз жарылып эшеги түшүп кетип, өзү аман калат. Ошол киши көп жылдан кийин Ысык-Көлгө келип, бир адам өзүнүн ээрин токунуп жүргөнүн көрөт. Чатыр-Көлгө түшүп кеткен эшегиндеги ээрин таанып калат. Таң калып, Чатыр-Көл менен Ысык-Көлдүн түбү туташ турбайбы деген жыйынтыкка келиптир. Бирок бул уламыш илимде али далилдене элек, – деди атасы.


– Кызык! Ээр кантип Ысык-Көлдөн чыгып калды экен? Көп жыл өтсө да, ээрди кайра ээси таап алганы сонун болуптур, – деди Айбек таң калганын жашырбай.

Алар Чатыр-Көлдүн жээгинде тигилип турган чатырларды көрүшүп, Урматтын экспедициясы экен деп болжошту. Белден түшүп бат эле жете келишти. Атасы Айбекти Урматка калтырып, андан ары малчыларга кетти.



Урмат Айбекти илимий топтун мүчөлөрү менен тааныштырды. Бир чатырдын ичи өзүнчө эле лаборатория экен.


– Бул жерде суунун курамы изилденет, – деп Урмат байкеси, ар кандай приборлорду көрсөттү. Иштеп жаткан Ира эже сууну микроскоп менен карап, улам бир идишке куюп изилдеп жатты. Айбек изилдөөгө катышып, эжеге суу ташып берди. Айбек ушул жерден суунун курамы 88,8% кычкылтектен, 11,2% суутектен турарын билди.





Бул бийиктеги тоо көлү болгондуктан, ыплас суулар, кир жуугуч каражаттар агып кирбей, май төгүлбөй таза экен. Бирок бирин-серин таштандылар, желим бөтөлкөлөрдү көрүштү. Урмат достору менен бөтөлкөлөрдү терип, жүктөп кетмекчи болуп чогултуп жатышты. Көлдүн четин тазалоого Айбек да катышты.

Айбек каникулдан барганда досторуна айтып берүү үчүн Чатыр-Көлдүн жана Таш-Рабаттын моделин жасоону алдына максат кылып койду. Фотоаппараты менен сүрөткө тартып, масштабын кичирейтип, чиймесин чийип жатты.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Арууке Исакова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли